**2024/2025- окуу жылында КМТУнун Токмок шаарындагы академик Х.А.Рахматулин атындагы филиалынын жүргүзүлгөн тарбия иштери боюнча маалымдама.**

2024/2025- окуу жылындагы тарбиялык иштер жылдын башындагы бекитилген жалпы пландын жана ар бир ай сайын бекитилүүчү тарбиялык пландардын негиздеринде жургузулду.

Педагогикалык тарбия ишинин максаты: «Студенттердин инсандык потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү менен, жогорку нравалуу, ишмердүү,компетенттүү, кесипкөй жаранды тарбиялоо, Кыргызстандын маданий салттарын билген ,өзүнүн кыймыл-аракетине толук жооп берген жана рационалдуу чечимдерди кабыл ала турган , өзүн инсан катары кадырлап-баалай билген адамды тарбиялоо»

Сентябрь айында 1-курстардын тайпаларынын студенттеринин ата-энелери менен чогулуштары ар бир тайпада өткөрүлдү, жана тайпалар боюнча ата-энелер комитети түзүлдү.

Колледждин бардык тайпаларынын активдерин чогултуу менен колледждин жаштар комитетин шайладык.

Студенттикке өтүү иш-чарасын 1-курстун студенттери “Биз ТФнын татыктуу студентти болобуз!” иш-чара зор жоопкерчилик менен даярдалып, жогорку деңгээлде өттү.

” Кыргыз тили жана Айтматов ааламы” деген тема менен 3-айлык жүргүзүлдү, 3-айлыкты өткөрүүгө арналган иш- чаралар 27.09.2024-ж. бекитилген пландын негизинде жүргүзүлдү.

Жаңы жылдык оюн-зоок кечесин студенттерге уюштуруп жогорку деңгээлде өткөрүп берген уюштуруу комитет былтыркы жылы студенттерге өзгөчөмаанай тартуулашты.

Уюштуруу комитетке терең ыраазычылык билдирем, Алар : Тосвт-9-23 тайпасынын куратору Адыранова А.Р.; Тосвт-9-24 тайпасынын куратору Иманбаева З.Ж

Март айындагы тарбиялык пландын негизинде «ТФ periси жана мырза жигити» аттуу сулуулук конкурсун даярдап «Тапкычтык» боюнча конкурстун шартын мурдагы жылдардан айырмалантып, өзгөртүп түзгөнү менен өзгөчөлөндү.

«Ак-калпак» күнүнө карата ОКБББнын тайпаларынын студенттери менен шаардын негизги аянтына салтанаттуу жүрүшкө «Кыргыз кийген ак калпак, кылымдарды карытат!» деген ураан менен коштоп чыктык.

ОКБББнун үй-бүлөлүк чыр- чатактарды жана балдардын мажбурлап никеге туруунy болтурбоо боюнча 2024-2025- жылдарга иш- чаралар бекитилген пландын негизинде өткөрүлдү.

Балдардын жана мажбурлап никеге туруунун кесепеттери жөнүндө- жазалар, элдешүүнүн жоктугу жөнүндө түшүндүрмөлөрдү камтыган маалыматтык материалдар менен толукталган тарбиялык кураторлук сааттар 1-курстардын ар бир тайпасында өткөрүлдү.

Студенттерге жыныстык тарбиялоо, жоопкерчиликтүү сексуалдык жүрүм-турумга жана эрте кош бойлуулуктун, жыныстык жол менен жугуучу оорулардын алдын алууга көңул буруу менен “Жашоонун сергек мүнөзү” куратордук саат өткөрүлдү .

Жыныстык тарбиялоо, жоопкерчиликтүү сексуалдык жүрүм-турумга жана эрте кош бойлуулуктун, жыныстык жол менен жугуучу оорулардын алдын алуу жөнүндөгү Токмок шаардык “СПИД” борборунун врачтарынын катышуусу менен студенттерге лекция-сабактар өткөрүлдү.

Токмок шаарынын мэриясы тарабынан уюштурулган “Баңгизатсыз эркин жаша!” деген иш-чарасына биздин колледждин да студенттери катышышты.Бул иш-чарада Бишкек шаарынын баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү кызматынын кызматкерлери лекция окушуп, жана Токмок шаарынын №3 орто мектебинин окуучулары тарабынан уюштурулган “Эмне үчүн мен?” деген сценкасы- жаш өспүрүмдөрдүн ортосундагы карым-катнаш маселелерин “буллинг” жөнүндө толук чагылдырып беришти.Бул иш-чара студенттерге заманбап тарбиялык мааниде болуп, жаштарга туура көз-караштарын калыптандырат деп ишенем.

Х.А.Рахматулин атындагы КМТУнун филиалынын тарбиялык пландын негизинде уй-булөөлүк зордук-зомбулукка каршы курөшүү жөнүндө мыйзамды ишке ашыруу максатында ар бир тайпада : «Зордук-зомбулуксуз уй-бүлөө» деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

Жана ар Бир тайпада ата-энелер жыйналыштары откорулуп, «зордук -зомбулуксуз үй-бүлөө» жана “Мен коррупцияга каршымын” жыйналыштардын протоколдору жазылган.

Ата-энелерге үй-бүлөлүк чыр- чатактарды болтурбоо жана өз балдары менен эмгекке жана сергек жашоо мүнөздөрүнө тарбиялоочу ишенимдүү мамилелерди түзүшү боюнча ар бир тайпада ата-энелер жыйналыштары өткөрүлдү. Бул жыйналыштардын чечими менен ар бир ата-эне өз баласын же кызын коомдогу жана чөйрөдөгү болуп жаткан терс көрүнүштөрдөн туура тыянак чыгарып, туура көз караштарын калыптандырууга милдеттендирилишти.

**1-курстар арасында тайпасы менен жогорку денгээлде иш алып барган куратор:**

**1.** Иманбаева З.Ж

**Педагогикалык бөлүм боюнча:** контрактык төлөмдөрдү өз убагында төлөткөн Кураторлор,студенттердин сабакка катышуусу 100% түзгөн тайпалардын Кураторлору : Иманбаева З.Ж,Ниязова Н.А,Джамангулова А.А.

Жашоонун сергек мүнөзүнө көндүрүү үчүн студенттерге таратуу учун спорттук мелдештер, волейбол боюнча эстафеталар өткөрүлдү.

Психологиялык жактан жакшы маанай тартуулап, коомдогу даталуу күндөрдү маданияттуу түрдө майрамдык салтанаттар өткөрүлдү . «Сармерден» аттуу музыкалык конкурс кыздар- балдардын арасында өткөрүлүп, бардык катышкандарга жарык маанай

тартууланды.Жыл бою филиал ички жана тышкы айлана-тегерегинде тазалык күндөрү өткөрүлүп , студенттер эмгекке тарбияланды.

Тарбиялык пландын негизинде жүргүзүлгөн бардык  тарбиялык иш-чаралар  студенттерди патриоттуулукка, өз мекенине болгон сүйүүсүн арттырып,жан-дүйнөсү бай,таза,ыймандуу,Кыргызстандын маданий салттарын билген, өзүн инсан катары кадырлап- баалай билген адамдарды тарбиялоо үстүндө  болду.

**Тарбия иштеринин адиси** **Нурланов Ш.Н**